**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Илимий-техникалык кеңешинин 2017-жылдын 26-декабрындагы №11 чечими менен жактырылган**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын 2017-жылдын 27-декабрындагы №267 буйругу менен бекитилген**

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун базасында технологияларды жана инновацияларды колдоо борбору жөнүндө жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун (мындан ары – Мамфонд) базасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборун (мындан ары ТИКБ) түзүү, иштөө маселелерин жөнгө салат, ошондой эле ишмердүүлүгүнүн тартибин аныктайт.

ТИКБнын ишмердүүлүгү ИМ Мамфонду тарабынан координацияланат жана Кыргыз Республикасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборунун тарамында башкы болуп эсептелет.

2. ТИКБ Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМБДУ) менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын (мындан ары – Кыргызпатент) ортосунда Кыргыз Республикасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборун (TISC) түзүү жана иштетүү тууралуу кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуунун (мындан ары – Макулдашуу) негизинде түзүлгөн.

3. ТИКБ юридикалык жак болуп саналбайт жана анын кадрдык, материалдык-техникалык жана башка мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен ушул Жобонун негизинде иштейт.

4. ТИКБнын түзүлүшү жана иштөөсүндөгү негизги субъекттер болуп төмөнкүлөр саналат:

– Кыргыз Республикасында Технологияларды жана инновацияларды колдоо борборун түзүүгө жана өнүктүрүүгө багытталган Макулдашууга кол койгон ИМБДУ жана Кыргызпатент;

– ТИКБнын ишмердүүлүгүнүн координатору ИМ Мамфонду;

– ТИКБнын кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануучулар – жеке ишкерлер, ойлоп табуучулар, илимий-изилдөө институттары (борборлору) ЖОЖдор, интеллектуалдык менчик жаатындагы адистер.

5. ТИКБнын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Макулдашууга, ошондой эле ушул Жобого ылайык түзүлөт.

## 2-глава. ТИКБнын негизги максаттары жана милдеттери

6. ТИКБ төмөнкү максатта түзүлгөн:

– илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүк чөйрөсүндө ТИКБнын кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдаланууну маалыматтык жана илимий-методикалык колдоо аркылуу Кыргыз Республикасында инновациялык мүмкүнчүлүктөрдү бекемдөөгө көмөктөшүү;

– изилдөө жана ойлоп табуу ишмердүүлүгүндө кадрларды даярдоонун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берүү;

– технологиялык билимдердин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу;

– улуттук/регионалдык же эл аралык деңгээлде бул билимдерди натыйжалуу жайылтуу боюнча ИМБДУнун ведомстволорунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;

– патенттик маалымат жана интеллектуалдык менчикке укуктун кирешелүүлүгү жөнүндө кабарландырууну жогорулатуу;

– интеллектуалдык менчик жаатында улуттук инфраструктураны өнүктүрүү.

7. ТИКБ төмөнкү милдеттерди чечет:

– интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын түзүү жана натыйжалуу пайдалануу боюнча аларды өбөлгөлөө үчүн илимий-техникалык маалыматтарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылууга көмөктөшүү жолу менен, анын ичинде пайдалануучуларга патенттик жана патенттик эмес маалымат ресурстарына акысыз, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатындагы башка акысыз маалыматтык ресурстарга кирүү мүмкүндүгүн берүү аркылуу регионалдык инновациялык системаны өнүктүрүү процессин колдоо.

– Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын укуктук коргоонун негиздери жөнүндө илимий-методикалык жана маалыматтык материалдарды жайылтуу жана интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын пайдалануунун жана укуктук коргоонун теориясынын жана практикасынын актуалдуу маселелери боюнча илимий-техникалык конференцияларды, тегерек үстөлдөрдү, окутуучу семинарларды жана тренингдерди уюштурууга, даярдоого жана өткөрүүгө катышуу жолу менен коомдо инновациялык ишмердүүлүктү пропагандалоо жана даңазалоо.

## 3-глава. ТИКБнын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары

8. ТИКБ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар жергиликтүү пайдалануучулардын талаптарына ылайыкташтырылып, баштапкы базалык деңгээли жана кызмат көрсөтүүлөрү бар модулдук принциптери боюнча төмөнкү пункттарга ылайык иштелип чыгат:

Кызмат көрсөтүүлөрдүн баштапкы базалык деңгээли:

– акысыз жана/же коммерциялык патенттик маалыматтар базасын пайдалануу менен техникалык маалыматтарды издөөгө көмөктөшүү;

– акысыз жана/же коммерциялык илимий жана техникалык журналдарды, (патенттик эмес) маалыматтар базасын пайдалануу менен техникалык маалыматтарды издөөгө көмөктөшүү.

-Опциондук кызмат көрсөтүү:

– кичи жана орто ишканалардын, университеттердин ж.б. өкүлдөрү сыяктуу жергиликтүү пайдалануучулар үчүн маалыматтар базасын издөө боюнча тренинг;

– жаңы технологияларды издөө;

– интеллектуалдык менчик жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча жалпы маалыматтарды берүү;

– интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу маселелери боюнча консультациялар;

– пайдалануучуларга тиешелүү маалымат базаларын пайдалануу, патенттик изилдөө жүргүзүү, интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын коммерциялаштырууда патенттик маалыматтарды пайдалануу көндүмдөрүнө окутууну уюштуруу;

– ТИКБнын ишмердүүлүк чөйрөсүнө кирген маселелер боюнча республиканын аймактарында илимий-практикалык конференцияларды, тегерек үстөлдөрдү, семинарларды, тренингдерди жана башка иш-чараларды уюштуруу, даярдоо жана өткөрүү;

– Кыргызпатент, ИМ Мамфонду жана ИМБДУ тарабынан уюштурулган ТИКБнын ишмердүүлүк багыттары боюнча окутуучу семинарларды өткөрүүгө катышуу;

– ИМБДУнун Бүткүл дүйнөлүк программалары боюнча аралыктан окутууну уюштурууга катышуу жана Кыргыз Республикасында пайдалануучуларды ушул окутууга тартуу;

– патенттик изилдөөнү жүргүзүү, иштеп чыгууларды коммерциялаштырууда патенттик маалыматтарды, ошондой эле илимий-практикалык конференциялардын жана семинарлардын материалдарын пайдалануу боюнча пайдалануучулар үчүн окуу методикалык, практикалык материалдарды даярдоого, басып чыгарууга жана жарыялоого катышуу;

– ТИКБнын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү;

– технологияларды алмашууну көбөйтүүгө көмөк көрсөтүү үчүн ТИКБнын ишмердүүлүк багыттарын кеңейтүү;

– интеллектуалдык менчикти (ИМ) баалоо жөнүндө маалыматтарды берүү;

– патентке, товардык белгилерге ж.б. өтүнмө берүү боюнча маалыматтар – ИМ жаатындагы Стратегиялар боюнча маалыматтарды берүү (качан, кайда, эмне, канча ж.б.у.с.);

– улуттук жана/же эл аралык өтүнмөлөрдү түзүүдө ИМ жаатында текшерилген кесикөйлөрдүн/юристердин арасынан консультанттарды издөө боюнча көрсөтмө;

– лицензиялоо боюнча консультация;

– бизнес-план боюнча консультация;

– финансылоону, маселен, мамлекеттик финансылоону жогорулатуу боюнча консультация.

## 4-глава. ТИКБнын ишинин түзүмү жана уюштуруу

9. ТИКБнын курамы интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө билими же иш тажрыйбасы бар ТИКБнын тарамдарынын координаторлорунун ичинен түзүлөт.

10. ТИКБнын ишмердүүлүгүнүн үстүнөн контроль Кыргызпатенттин төрагасы тарабынан жүзөгө ашырылат, анын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

ТИКБнын ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнүн үстүнөн жалпы контроль;

– жылдык ишмердүүлүктүн иш-пландарын, натыйжаларын кароо жана бекитүү.

11. ТИКБнын ишин башкаруу ИМ Мамфондунун аткаруучу директору тарабынан жүзөгө ашырылат, анын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

– ТИКБнын ишин уюштурууну жүзөгө ашыруучу ТИКБнын тарамдарынын координаторлорунун ишинин үстүнөн контролдоо;

– Макулдашууга, иш-планына жана ушул Жобого ылайык ТИКБнын тарамдарынын ишин уюштуруу.

12. ТИКБнын ишмердүүлүгүн уюштуруучулук, финансылык жана техникалык камсыздоо ИМ Мамфондунун иш-планынын алкагында жүзөгө ашырылат.

13. ТИКБнын филиалдары, базасында ТИКБнын филиалы ачылган чарба жүргүзүүчү субъекттер менен өнөктөштүктө түзүлөт жана ИМ Мамфонду тарабынан ТИКБнын ишмердүүлүгүн уюштурууну жөнгө салуучу керектүү уюштуруучулук жана ченемдик-методикалык документациялар менен камсыз кылынат.

ТИКБнын филиалынын базасында ТИКБнын филиалы түзүлгөн чарба жүргүзүүчү субъектинин жетекчиси тарабынан дайындалган координатор жетектейт.

ТИКБнын филиалынын ишмердүүлүгүн токтотуу бул жөнүндө эки тарапка жазуу жүзүндө кабарландыруу жолу менен, тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча жүзөгө ашырылат.

## 5-глава. ТИКБнын укуктары жана милдеттери

14. ТИКБ жана анын филиалдары төмөнкүлөргө милдеттүү:

– өзүнүн ишмердүүлүгүн Макулдашууга жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырууга;

– уюштуруучулук жана маалыматтык колдоо көрсөтүү жолу менен Макулдашууга ылайык Кыргызпатент жана/же ИМ Мамфонду тарабынан өткөрүлгөн иш-чараларга көмөктөшүүгө;

– кийинки отчеттук кварталдын 5-числосуна чейин өткөн кварталда аткарылган иштер тууралуу отчеттун белгиленген формасы боюнча ИМ Мамфондуна квартал сайын берүүгө;

– Кыргызпатентин жана ИМ Мамфондунун маалыматтык продуктыларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн алга жылдырууга көмөктөшүүгө;

– патенттик жана патенттик эмес эл аралык маалыматтар базаларына кирүү мүмкүндүгүн уюштурууга;

– ТИКБ жөнүндө Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды киргизүүгө.

15. ТИКБ жана анын филиалдары өздөрүнө жүктөлгөн милдеттердин алкагында кезектеги ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

– интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын пайдалануу жана укуктук коргоо теориясынын жана практикасынын актуалдуу маселелери боюнча, ошондой эле ТИКБнын ишмердүүлүк багыттары боюнча кызмат көрсөтүүчү ТИКБнын филиалдарынын иш тажрыйбаларын алмашуу боюнча илимий-практикалык конференцияларды, тегерек үстөлдөрдү, семинарларды, тренингдерди жана башка иш-чараларды өткөрүүнү демилгелөөгө;

– ТИКБнын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалыматтарды Кыргызпатенттин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн белгиленген тартипте сурап алууга;

– ТИКБнын тарамдарынын кадрларынын квалификацияларын жогорулатууга.

16. Бул Жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет жана ИМ Мамфондунун ишине олуттуу өзгөртүүлөрдү караган жаңы ченемдик укуктук актылардын кабыл алынышына жараша кайра кароого жатат.

Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.